И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 13.23.681 диссертациялык кеңештин эксперти Кожобеков Кудайберди Гапаралиевичтин 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу), педагогика илимдеринин **доктору** окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин "Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы"** деген темадагы диссертациясына

ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУСУ

Эксперт, изденүүчү Ибраев Алмазбек Дүйшөкович тарабынан жазылган **"Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы"** деген темадагы диссертациясын (диссертанттын илимий жетекчиси - педагогика илимдеринин доктору, профессор С. К. Калдыбаев) карап чыгып, төмөндөгүдөй тыянакка келди.

1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши

Сунуш кылынган докторлук диссертация диссертациялык кеңештин профилине дал келет. Иште 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү учурдагы жогорку кесиптик билим берүү системасынын бирден-бир актуалдуу маселелеринин бири болгон дистанттык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселесине арналган. Билим берүүнү маалыматташтыруунун шартында дистанттык окутуунун теориялык жана практикалык маселелерин изилдөө өтө маанилүү болуп жатат. Бул изилдөө жогорку кесиптик билим берүүдө аралыктан окутуунун эффективдүүлүгүн жакшыртуу, өнүктүрүү максатында дистанттык билим берүүнүн концепциясын, методдорун жана методологиясын иштеп чыгууга багытталган.

2. Иштин максаты катары Дистанттык билим берүүнү теориялык жана практикалык жактан негиздөө, педагогикалык системасын иштеп чыгуу жана анын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү каралган.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди аткаруу** менен чечилген:

1. Дистанттык билим берүүнүн изилдениш абалына, проблемаларына талдоо жүргүзүү, ошону менен бирге дистанттык билим берүүдө IT технологияларды колдонуунун ордун жана ролун аныктоо;

2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, регламенттөөчү принциптерди аныктоо;

3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмунун аныктоо, дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын илимий негиздөө жана изилдөөнүн методдорун тактоо;

4. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруунун жолдорун аныктоо.

5. Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилерин изилдөө жана педагогикалык эксперимент аркылуу иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системанын натыйжалуулугун текшерүү.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 46 «11» 04 2025 Экс/2

Коюлган милдеттер диссертациянын төмөндөгү бөлүмдөрүндө чечилген:

1. Дистанттык билим берүүнүн изилдениш абалына, проблемаларына талдоо жүргүзүү, ошону менен бирге дистанттык билим берүүдө IT технологияларды колдонуунун ордун жана ролун аныктоо милдети диссертациянын биринчи бөлүмүндө аткарылган.

Бул жерде дистанттык билим берүүнүн изилдениш абалы, тарыхы, жана аралыктан окутуунун уюштурууда маалыматтык технологияларды колдонуунун орду жана ролу изилденген. Маалыматташтыруу шартында дистанттык окутуунун проблемалыры жана илимий адабияттар талданган.

2. Диссертациянын экинчи бөлүмү "Дистанттык билим берүү боюнча изилдөөнүн методологиясы жана методдору" деп аталып, мында изилдөөнүн экинчи милдети аткарылган.

Бул жерде дистанттык билим берүүнүн концептуалдык негиздери аныкталып концепциянын максаты милдеттери так аныкталган. Белгиленген концептуалдык багыттар диссертациялык иштин жалпы өзөгүн түзүп турат. Бул бөлүмдүн 2.2 – параграфтында дистанттык билим берүүнү регламенттөөчү принциптер аныкталган. Аныкталган дистанттык билим берүүнү регламенттөөчү принциптер аралыктан окутуу учурдагы процесстин бардык катышуучулары үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылган сапаттуу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү үчүн зарыл болуп саналат. Сунушталган принциптер жогорку окуу жайларындагы аралыктан окутууну жөнгө салууга жана сапатын арттырууга жардамын берет. Ал эми 2.3 – параграфта болсо дистанттык билим берүүнү изилдөөнүн илимий методдору каралган. Дистанттык билим берүү тармагындагы заманбап илимий изилдөө методдоруна сереп салуу менен, анын маңызына жана билим берүү процесстерине тийгизген таасири изилденген. Колдонулган илимий методдор таризделип анын ар биринин колдонулушуна мүнөздөмөлөр берилген.

3. Диссертациянын үчүнчү бөлүмү дистанттык билим берүүнүн теориялык маселелери деп аталып изилдөөнүн *үчүнчү жана төртүнчү* милдеттери аткарылган. Мында дистанттык билим берүүнүн структурасы, мазмуну, методикалык системасы жана дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары изилденген жана алардын схема түрүндөгү педагогикалык моделдери түзүлүп чыккан.

4. Диссертациянын төртүнчү бөлүмү дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери деп аталып мында аралыктан билим берүү максатта Web сайттарды түзүү жана пайдалануу технологиясы изилденген. Ошону менен бирге бул бөлүмдө маалыматтык башкаруу системаларын уюштуруу жана аларды иштеүүнүн технологиялары кенири карлаган. Ал эми бул бөлүмдүн 4.3 – параграфты иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүүлүгү эксперименталдык жол аркылуу текшерилип, алынган жыйынтыктар математикалык-статистикалык методдор аркылуу текшерилген.

Изилдөө объектиси - Жогорку окуу жайларындагы билим берүү процесси болгондуктан, диссертациянын максатына жана милдеттерине толугу менен шайкеш келет. Изилдөө процессинде дистанттык билим берүүнү өнүктүрүү, окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана аралыктан окутуу максатындагы Web сайттарды түзүү, санариптик платформаларды, программдык-техникалык каражаттарды практикалык колдонуу аркылуу мугалимдердин даярдыгын жана студенттердин кайтарым байланышын жакшыртууга жасалган. Бул жагынан изилдөө объектиси менен коюлган максат жана милдеттер бир багытта жүргүзүлгөн.

3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу

Дистанттык билим берүүнүн теориясы менен практикасын изилдөө дистанттык билим берүүнүн иштөө механизмдерин жакшыраак түшүнүүгө, анын артыкчылыктарын, чектөөлөрүн жана өнүгүү келечегин аныктоого мүмкүндүк берет, бул инновациялык билим берүү стратегияларын ишке ашыруу үчүн чоң мааниге ээ.

Диссертация учурдагы жогорку кесиптик билим берүү системасынын бирден-бир актуалдуу маселелеринин бири болгон дистанттык билим берүүнү өркүндөтүү маселесине арналган. Дистанттык билим берүүнүн теориясын жана практикасын изилдөөнүн актуалдуулугу санариптештирүү, ааламдашуу жана эмгек рыногундагы өзгөрүүлөр менен байланышкан жаңы чакырыктарга билим берүү системасын адаптациялоо зарылдыгы менен шартталган. Заманбап шарттарда дистанттык технологиялар кеңири аудитория үчүн окутуу мүмкүнчүлүгүн гана камсыз кылбастан, алардын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу үчүн илимий жактан негизделген ыкмаларды иштеп чыгууга багытталган.

Ошондой эле, дистанттык билим берүүнү прикладдык аспектилерин изилдөө замандын талабы болуп саналат. Жогорку окуу жайларында колдонулуп жаткан санариптик технологиялар бүгүнкү күндө аралыктан окутууну эффективдүү уюштурууга шарт түзөт. Бирок, ошол заманбап технологияларды окуу процессинде колдоно билүү көндүмдөрүн калыптандыруу, окуу процессин башкаруунун санариптик системаларын киргизүү, иштетүү технологиялары ар дайым педагогикалык жактан изилденүүгө тийиш. Бул талаптарды аткаруу үчүн окуу процессинде жаңы дидактикалык ыкмаларды жана методдорду иштеп чыгуу зарыл.

Диссертациянын темасы дал ушул маселелерди чечүүгө багытталган жана бул изилдөө жогорку билим берүү системасын модернизациялоого жана заманбап талаптарга ылайык адистерди даярдоого өз салымын кошот, ошондуктан теманын актуалдуулугу жогору.

4. Илимий натыйжалар

Диссертацияда төмөндөгү негизги илимий натыйжалар алынган:

1. Дистанттык билим берүүнүн пайда болу тарыхы жана проблемалары изилденди. IT технологиялардын дистанттык билим берүүдөгү ролу, орду белгиленип илимий өбөлгөлөрү аныкталган.

2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздер аныкталды, окутуу жана тарбиялоо процесстерин регламентөөчү принциптери иштелип чыккан.

3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмуну аныкталып берилди. Ошону менен бирге дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып илимий жактан негизделген.

4. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыкты жана анын ар бир компонетине мүнөздөмө берилген.

5. Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери изилденип практикалык сунуштар берилген.

Бул натыйжалар диссертациянын максаты жана милдеттери менен байланышып, жогорку окуу жайларындагы дистанттык билим берүүнү өнүктүрүүгө, натыйжалуу окутуунун негизги маселелерин чечүүгө багытталган.

Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин диссертациялык изилдөөсүндө аралыктан

окутуунун, онлайн билим берүү, санариптик технологиялардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу бардык теориялык жана практикалык аспектилерди талдоого алынып, дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыгып анын педагогикалык модели сунушталган (2-схема). Методикалык система негизги блокторго бөлүнүп алардын ар бирине кеңири мүнөздөмө берилген.

Бул иште дистанттык билим берүүдөгү педагогикалык процессти уюштурууда тиешелүү жагдайлардын, шарттардын түзүлүшү эң зарыл экендиги белгиленип, диссертациялык изилдөөдө дистанттык билим берүүнүн пеадгогикалык шарттары аныкталып анын схемасы берилген (3-схема). Дистанттык билим берүүнүн жалпы педагогикалык шарттарын "Уюштуруучулук" жана "Методикалык" шарттар деп экиге бөлүп караган жана анын ар бир компонентине кеңири педагогикалык мүнөздөмөлөр берилген.

5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү

Изилдөөдө алынган натыйжаларды дистанттык билим берүүнү ишке ашырууда, илимий-теориялык жана прктикалык негиздерин аныктоодо пайдаланса болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү жөнгө салууга, аралыктан окутуунун теориялык жана методикалык мазмунун байытууга, практикалык маселелерди чечүгө мүмкүндүк түзөт. Изилдөөдө алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды дистанттык билим берүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу практикасында колдонууга болот.

Эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжалары

Эксперименталдык иштер сунушталып жаткан дистанттык билим берүүнүн методикалык системанын негизинде Информатика курсун окутуу процессинде жүргөн. Курстун максаты ага жетүүнүн логикалык этаптары белгиленип, ар бир этап окутуунун милдеттери менен шайкеш келтирилген. Курсту окутууда автор жана эксперименталдык ишке тартылган мугалимдер *кибер-этнографиялык байкоо методун* кеңири колдонулгандыгы белгиленген. Мында мугалимдер тарабынан студенттердин санариптик сабаттуулугу, билим берүү порталдарында иштей билүү көндүмдөрү, үзгүлтүксүз кайтарым байланышы, аткарууга берилген тапшырманын жасалгаланышы, студенттин жоопкерчилиги ж.б.у.с. сыяктуу маалыматтар аралыктан LMS системалары аркылуу анализденип турган.

Изилдөө дистанттык билим берүүнү натыйжалуу жана заманбап технологиялар, ыкмалар менен уюштурууга, ишке ашырууга көмөктөшүп, аралыктан билим алган студенттердин кесиптик даярдыгын жогорулатууга багытталган. Сунушталган дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы жана материалдар аралыктан билим берүүнү жакшыртуу менен студенттердин санариптик көндүмдөрүн, кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул материалдар жогорку окуу жайларда аралыктан окутууну заманбап санариптик технологиялар, ыкмалар менен өткөрүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө шарттарды түзөт.

6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши

Диссертациянын автореферати негизги изилдөөнүн мазмунуна толук дал келет жана аны кыскача, мазмундуу түрдө чагылдырат. Автореферatта төмөнкү структуралык компоненттер: *изилдөөнүн максаты жана актуалдуулугу*, *коюлган милдеттер жана аларды чечүүнүн жолдору*, *илимий жаңылыктар жана алынган натыйжалар, практикалык маанилүүлүк*, *жыйынтыктар жана сунуштар* көрсөтүлгөн. Автореферат

диссертациянын мазмунун толук чагылдырып, илимий иштин маанилүүлүгүн жана жаңылыктарын кыска жана мазмундуу түрдө баяндап берет. Диссертацияда камтылган бардык негизги аспектилер жана маалыматтар автореферatта толугу менен чагылдырылган жана алардын ортосунда дал келүү бар.

7. Айрым мүчүлүштүктөр

Диссертацияга жасалган анализдин негизинде, төмөнкү кемчиликтерди белгилеп кетүүгө болот:

1. Сунушталган дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын орто мектептерде жана колледждерде адаптациялоо, колдонуу боюнча аз берилген.

2. Дистанттык билим берүүнүн экономикалык эффективдүүлүгү белгиленгени менен ал конкреттүү статистикалык маалыматтар менен бекемделип берилген эмес.

3. Дистанттык билим берүүдө жасалма интеллекти колдонуу маселелери аз берилген, анын оң жана терс жактары, мүмкүнчүлүктөрү терең изилденген эмес.

4. Эксперименталдык изилдөөгө региондордогу жогорку окуу жайлар дагы кирсе жакшы болмок.

5. Стилистикалык, орфографиялык, пунктуациялык каталары байкалды, мүчүлүштүктөр сунуш катары белгиленип иштин маанилүүлүгүнө, баалуулугу менен сапатына таасир этпейт.

8. Сунуштар

Диссертациядагы кемчиликтерди эске алуу менен, иштин илимий деңгээлин жана практикалык маанилүүлүгүн жакшыртууга жана диссертациянын сапатын жогорулатууга багытталган төмөнкү сунуштарды берүү ылайыктуу:

1. Кыргызстандын орто мектептери менен колледждердеги аралыктан окутуу проблемалары дагы изилденип берилсе жакшы болмок. Себеби изилдөөдө алынган натыйжалар, жыйынтыктар, илимий жаңылыктар орто мектептердин, колледждердин аралыктан билим берүүсүндө да колдонууга болору көрүнүп турат.

2. Дистанттык билим берүүнүн экономикалык эффективдүүлүгү жалпы негизде гана жазылган. Дистанттык билим берүүнүн эффективдүүлүгү жогорку окуу жайы үчүн кандай, ал эми билим алып жаткан студент үчүн кандай эффективдүү экендиги бөлүнүп так жазылып берилиши керек. Себеби азыркы учурда убакытты туура жана эффективдүү колдону, ошол эле учурда пайдалуу жана натыйжалуу билим алуу маанилүү маселе болуп саналат.

3. Аралыктан билим алган студенттердин психологиялык жана социалдык проблемалры кеңири изилдениш керек деп эсептейм. Себеби жогорку окуу жайларында аралыктан окуган студенттердин социалдык абалы, шарттары студенттин сапаттуу билим алуусуна таасирин тийгизет.

4. Кыргызстандын региондорундагы жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүү абалы дагы кеңири анализденип берилиши сунушталат. Мында, изилдөөдө алынган натыйжаларды, илимий сунуштарды Кыргызстандын ичинде толук жайылтууга мүмкүндүк болот жана регионалдык абалды аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

5. Учурдагы билим берүүнүн маалыматташуу шартында жасалма интеллектин колдонулушу өзгөчө орунга ээ болуп жаткандыгына байланыштуу эгер, мүмкүн болсо аралыктан билим берүүдө аны колдонуу аспектилери каралып, изилденип берилсе жакшы болмок.

6. Диссертация кыргыз тилинде, диссертацияда колдонулган адабияттардын

тизмеси расмий тилинде жазылып калган. Адабияттардын тизмесинде көрсөтүлгөн булактардын берилишинде пунктуациялык каталарды ондоп түздөө, ГОСТ 7.1-2003 боюнча кыргыз тилинде берилиши зарыл.

7. Дистанттык билим берүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча нормативдик документтерди, жоболорду, мамлекеттик стратегияларды адабияттардын тизмесине кошууну сунуштайм.

8. Диссертациянын жана автореферattын текстеринде кетирилген стилистикалык, грамматикалык, пунктуациялык кемчиликтерди, каталарды жана жогорудагы кетирилген мүчүлүштүктөрдү жоюу.

9. Диссертациянын автореферatында диссертациянын көлөмү 248 бет, диссертацияда 246 бет, колдонулган адабияттардын тизмеси 243 булактан турат деп жазылган, бирок диссертация 247 беттен турат, адабияттардын тизмесинде 245 булак берилген.

10. Изденүүчү А. Д. Ибраевдин 3 окуу-усулдук колдонмо (2017, 2018, 2023 ж.), 2 монография (2022 ж.) авторлоштор менен биргеликте жарыкка чыккан, 23 макаласы РИНЦ базасына кирет, анын ичинде 19 макала ата мекендик басылмаларда, 2 макала РФ журналдарында жарыяланган. Жана авторлоштор менен биргеликте 3 макала чет мамлекеттерде жарыяланып, SCOPUS базасында индексирилген: 1 макала Q3 квартилге ээ илимий журналында, 1 макаладан Q4 квартилдерге ээ конференциянын жыйнагында жана китептин бөлүгүндө. РИНЦ базасында макалалары жарыкка чыккан журналдардын орточо салмактанып алынган импакт-фактору 0,256 түзгөн.

9. Корутунду

Диссертацияда жетишилген жыйынтыктар, сунуштар билим берүү системасындагы актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган, алынган натыйжалар жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүү процессин эффективдүү уюштуруу, педагогикалык методдорду жакшыртуу, кайтарым байланышты арттыруу үчүн маанилүү. Изилдөө материалдары педагогикалык коомчулукта колдоого ээ болуп, билим берүү процессин жаңыртуу, окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн колдонулушу мүмкүн

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин "Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы"** деген темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча диссертациясы КРнын УАКнын талаптарына жооп берет, өз алдынча аткарылган жана бүткөрүлгөн илимий изилдөө болуп саналат. Ошондуктан жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтерди жана мүчүлүштүктөрдү ондоп-түздөө иштерин аткаргандан кийин И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ош мамлекеттиик университетине каралтуу Д 13.23.681 диссертациялык кеңешине алдын ала коргоого сунуш кылам.

Эксперт

Ош мамлекеттик университетинин ректору,
ф.-м.и.д., профессор м.а. К. Г. Кожобеков

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ * КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ * МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ * ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ * ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ * КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ * ИНН 00207199810017

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМ. И. АРАБАЕВА

ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Ош МУ
Тастыктаймын
2025 ж. «10» 04
Кадрлар болумунун башчысы Турдубаева Г.